КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
ЛЕНИН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ЛЕНИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ

2023-жыл 02 июнь № 120/30-XXVIII Ленин а.

## "Жер участогунун которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө"

Жер-агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы К. Кымыналиевдин, ошондой эле Ленин айыл өкмөтүнүн айыл чарба жана жерге жайгаштыруу боюнча башкы адисинин милдетин аткаруучу А. Т. Джаркинбаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, "Алканов Групп" ЖЧКсынын жалпы аянты 17,5 га №1362 контурундагы жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө кайрылуусу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27-июнундагы 2019-жылдын №321 "Кыргыз Республикасында 2019-2023-жылдардагы Айыл чарба продукциясынын соода-логистикалык борборлорун түзүү жана өнүктүрүү боюнча программаны бекитүү жөнүндө" Токтомун аткаруу үчүн кайрылуусу жөнүндө, Ленин айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ленин айыл аймагынын аймагында №1362 контурунда жайгашкан 17,5 га аянты кайрак айдоо жер участогун "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай,транспорт, коргонуу, энергетика, байланыш жана башка багыттагы жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Аламүдүн районунун мамлекеттик администрациясына Ленин айылдык аймагында №1362 контурунда жайгашкан 17,5 га кайрак айдоо жер участогун "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, коргонуу, энергетика, байланыш жана башка багыттагы жерлери" категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө өтүнүч кат берилсин жана бул токтом мыйзамда белгиленген тартипте бекитилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ленин айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н. Аалиевге жүктөлсүн.

Ленин айылдык
кеңешинин төрагасы Ш.А. Турсунбаев